**УДК 821.512.154**

**ДУМАНАЕВА М.Г., КАРОЛОВА А.М.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
*КНУ имени Ж.Баласагына*
**DUMANAEVA M.G., KAROLOVA A.M.**
*KNU J.Balasagyn*

# ЖЕҢИЖОКТУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮЛӨР

## Педагогические и философские мысли в творчестве Женижока

## Pedagogical and philosophical thoughts in the work of Zhenizhok

***Аннотация:****Акын ааламдын жаралышы, өнүгүүнүн ар түрдүү кырдаалы, айлана-чөйрөдөгү кубулуштар, адеп-ахлак жана турмуш-тиричилик, каада-салт маселелери жөнүндө кеңири ой жүгүртүп, философиялык маанайдагы көлөмдүү, көркөм мурас калтырды. Өз доорунун тубаса ойчулу чыгармаларында дүйнөнүн келип чыгышы, аны таанып билүүнүн жолдору жөнүндө баяндап, инсандын тагдырына, алардын өз ара карым-катнашына өзгөчө көңүл бурган. Ал эмгек адамын, анын адеп-ахлактык жетишкендиктерин, кең пейилдигин, айкөлдүгүн улуулап, даңктап ырдаган.Бул макалада акындын чыгармаларындагы педагогикалык, философиялык, социалдык, гумманисттик идеяларын ачып берүүгө аракет кылдык.*

***Аннотация:*** *Поэт оставил богатое философское и художественное наследие, размышляя о сотворении Вселенной, различных условиях развития, явлениях окружающей среды, нравственности и повседневной жизни, обычаях и традициях. В произведениях прирожденного мыслителя своего времени описываются происхождение мира, способы его познания. Женижок также уделял особое внимание судьбе человека и его взаимоотношениям. Он воспевал человека труда, его моральные достижения, его щедрость. В этой статье мы пытались отметить в произведениях поэта педагогические, философские, социальные и гуманистические идеи.*

***Abstract:*** *The poet left a rich philosophical and artistic heritage, reflecting on the creation of the Universe, various conditions of development, environmental phenomena, morality and everyday life, customs, and traditions. His works described the origin of the world and the ways of discovering it. Zhenishok also paid special attention to the fate of a person and his relationships. He praised the man of labor, his moral achievements, his generosity. In this article, we tried to reveal pedagogical, philosophical, social and humanistic ideas in the writings of the poet.*

***Урунттуу сөздөр:*** *нускоочу акын, насаатчы, көрөгөч, тарбиялык маани, философиялык көз караш, курч ойлор, сабаттуу, элдик мурас.*

***Ключевые слова:*** *поучительный поэт, учитель, дальновидный, воспитательноезначение, философский взгляд, критическое мышление, грамотный, народное наследие.*

***Keywords:*** *instructive poet, teacher, forward-looking, educational value, philosophicalview, critical thinking, competent, folk heritage.*

Жеңижок акын дүйнөнү, аалам кеңдигин, андагы болуп жаткан кубулуштарды, адам тагдырын, анын турмуштагы орду, жашоо шарты, жүрүм-турум этикасы, адеп- ахлагын таасын сүрөттөп, аларды көркөм сөз касиети менен айкалыштырып, бүт ааламды көкүрөгүнө батырып ырдаган акындардын бири болгон.Учурунда улуу акын Токтогул: "Ырга калганда, жаактуудан ага пенде түт келеби? Жеңакең деген дүйнөнүн төрт түркүгү: жер, суу, жел, от санатын санжыргалап айткан киши да!", - деп өз баасынберген экен.
Жеңижок - баа жеткис рухий казынанын жаратуучуларынын бири. Анын чыгармалары,айткан нуска кептери муундан-муунга өтүп, адам баласынын асыл оюн азыктандырып турган табылгыс казына болуп саналат.
Сынчы А.Токтогулов: "Жеңижок - тарбиялык мааниси терең, уккан элдин акылынауюй турган кептерди санаттап айткан нускоочу чоң акын, калк алдында бетме-бет чыга келгенде эч кимден жеңилбеген айтыш өнөрүнүн устаты, оозунан ыр куюлган төкмө, өз заманынын окуй билген, жаза да билген билимдүү, түшүнүктүү адамы болгон",- деп баалаган.[4]
Адеп башы - элдик мурастарда деп бекеринен айтылбаса керек. Уламадан улап, курамадан курап отуруп пайда болгон элдик мурастар, көркөм сөз өнөрү, элдик поэзиянын жорго сөзү, бүгүнкү күндө жашап жаткан элибиздин кайгы-кубанычын, үмүт-тилегин камтыган, алдыга жетелеген ак таңдай акын Жеңижоктун көркөм дүйнөсү, философиялык, педагогикалык ой чабыты, акыл тамчылары,адептик ойлорунун өзөгү тууралуу баяндайбыз.
Элдик тарбиянын уюткусу, жүрүм-турум эрежелери, адеп-ариетке байланышкан орошон ойлор, нуска кептер акындын чыгармаларында абдан көп.Ойчулдун поэтикалык чыгармаларында өсүп келе жаткан жаш муунду тарбиялоонун жана окутуудагы элдик педагогикалык ойлорду камтыган, жашоо-турмуштун бардык чөйрөлөрүнөн алынган билимдер менен адаттар чагылдырылган. Өз угармандарына билимдин жарыгын жайылтып, өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялап, жакшылыкка үндөгөндүгү - акындын эл ичинен чыккан"элдик педагог"экендигинен кабар берет.
Ал эми "Элдик педагогика" алды менен элдин жашоо-тиричилигинин тартибинде сакталган, элдик оозеки чыгармачылыкта, акындардын насааттарында, салт-санаа, үрп-адаттарында чагылдырылган педагогикалык билимдердин жана тарбия берүү тажрыйбаларынын жыйындысын түшүнүүгө болот.
Кыргыз элинин рухий турмушунда тажрыйбага, социалдык түзүлүшкө болгон себептик-натыйжалык көз карандылыкка жараша акындардын педагогикалык идеялары көрүнүктүү орунду ээлеп келет. Элдин ой-тилеги, келечектен күткөн үмүтү, бардык жат көрүнүштөргө каршы күрөшү, асыл сапаттарды арттыруу үчүн жүргүзгөн аракетикөркөм сөз өнөр ээлеринин чыгармалары аркылуу даңазаланган.
Бардык улуттун элдик педагогикасында жеткилең адамдын идеалы, түшүнүгү да бар. Кыргыздарда бул түшүнүк өзүнө ак ниеттик, эр жүрөктүүлүк, чынчылдык, жөнөкөйлүк, жолдошчулук сыяктуу белгилерди камтыган. Алар өздөрүнүн насааттары менен коомдогу терс көрүнүштөрдү токтотууга аракет кылышкан жана гуманисттик мазмундагы жашоонун принциптерин эске алып, сындашкан. Тактап айтканда, кыргыз акындарынын чыгармалары басма сөздүн, театрдын, теленин, кинонун ролун аткарып, кыргыз элине билим жана тарбия берүүнүн энциклопедиясы болгон.

Жеңижоктун сабаттуу акын болгону жалпыга белгилүү. Анын ырлары Адам Ата, Обо Энеден тартып, канат-бутагы тонолуп, жалгыз калган талга чейинки дүйнө, тиричилик кеңдигинен жаралган жандуу, тирүү, канаттуу ырлар. [2]

Акын өзүн жана чыгармачылыгын элсиз элестете алган эмес. Бала кезинен бечаралар менен бирге турмуштун азап-тозогун көргөн. Бирөөнү эзип, зомбулук көрсөткөндөргө каршы туруп, өзүнүн зиректиги, акыл-сезиминин курчтугунун аркасындаЖеңижок чыгармачылыкты адеп кесип туткандан баштап эл тарабында болгон. Эли-журтунун кызыкчылыгын көздөп, бай-манаптан тартынбай ырдаган:

*Элиң келсе көргөнү,*
*Эл кумарын таркатат. Элиңдин алгын алкышын,*
*Эсил жаның бир чактаЭэликтирсе бузуку,*

Элинен киши жат болот, - деп насаатын айтып, калың катмарлуу калк арасында сый-урматка татып, элдик ырчы катары элдик багытта чыгармачылыгы өнүккөн. Даанышмандын насааттары менен нуска кептери качан, каерде болбосун, турмуш чындыгы менен жуурулушуп, жаштарды туура жолго багыттап, асыл сапаттарга үндөптурары талашсыз.

“Адал менен арамды ылгай билген, жакшы менен жаманды сынай билген” замананын адилетсиздигин акын:

*Бийлиги бар манапка, Кул сураттың замана.Колунда жок кедейге, Пул сураттың замана.*
*Карышкырды койлорго,Ыркыраттың замана. Алдууларга алсызды, Чыркыраттың замана,*

- деп карапайым элдин караңгылыкка кептелип, жарды-жалчылардын оор заманга туш болгонун айтат.

Жеңижок акын эл ичинен чыгып, эл менен жашап, турмуштун ысык-суугунда дайым бирге болгон. Ошондуктан өзүнүн акындык чеберчилигинин булагын элден таап, элден гана издеген. Элди бай, бектер менен бир катарга койгон ырчылардан айырмаланып, Жеңижок эл деп кедейлерди, карапайым эмгекчилерди атаган. Анын чыгармачылыгында эл массасы дайыма эле социалдык түйшүктөр менен басынтылган макулук эмес, жаратылышка жан киргизүүчү зор күч катары төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

*Заман өтөт, калк калат.Эл оозунда айтылып, Эрдик кылган эр калат.*
*Калктын камын ойлогон, Касиеттүү шер калат.[3, 77]*

Акын ааламдын жаралышы, өнүгүүнүн ар түрдүү кырдаалы, айлана-чөйрөдөгү кубулуштар, адеп-ахлак жана турмуш-тиричилик, каада-салт маселелери жөнүндө кеңири ой жүгүртүп, философиялык маанайдагы көлөмдүү, көркөм мурасын калтырды. Өз доорунун тубаса ойчулу чыгармаларында дүйнөнүн келип чыгышы, аны таанып билүүнүн жолдору жөнүндө баяндап, инсандын тагдырына, алардын өз ара карым-катнашына өзгөчө көңүл бурган. Ал эмгек адамын, анын адеп-ахлактык жетишкендиктерин, кең пейилдигин, айкөлдүгүн улуулап, даңктап ырдаган.Ошондой эле өмүр менен өлүм, жаштык менен карылык, жаман менен жакшы өңдүү түбөлүк келишпес түшүнүктөр жөнүндө терең ой калчап, өз түшүнүгүн ырларында чагылдырган.[4]

Ал эми Жеңижоктун санат ырлары идеялык-көркөмдүк жактан чоң чеберчиликте иштелген, өз алдынча айырмаланып турган, адам баласын ички руханий жан дүйнөсүнүн ыймандык тазалыгына үндөгөн этнопедагогикалык, этнопсихологиялык, философиялык ой-толгоолор, башкача айтканда “кут табуунун илими” деп койсо болот.[3]

Жеңижок даанышман акын катары адеп-ахлак темасындагы бир топ ырларды жаратты. Алардын бири - “Үй-бүлө” чыгармасы. Акын үй-бүлөнү адам жашоосундагы эң маанилүү, негизги баалуулук катары карап, маданияттын, тарбиянын, адептин, сүйүүнүн, сулуулуктун башаты деп билген. Ырда алгач аялдын жакшы-жаманын айтып,андан соң уулдун, ага-ининин, жамааттын жакшы-жаманын таамай мүнөздөйт:

*Алганың жакшы болгон соң,Кирсең үйүң ордодой, Көңүлүңдү куш кылат, Кымбат баа жоргодой.*
*Ачык болот кабагы, Барды, жокту байкатпай,*
Ал эми уулдун жакшы-жаманы тууралуу:
*Уулуң жакшы болгон соң, Кымбат баа, жакут таш,Кызыган базар коргондой.Көңүлү ачык жаркырап, Атасы менен энеси,*

*Берекелүү тамагы”. Алганың жаман болгон соң,Кирсең үйүң кепедей.*
*Тапканыңдын бардыгы, Быркырап сынат көзөдөй.[3, 130,131]*

*Алладан жардык көргөндөй.Уулуң жаман болгон соң, Кылганынын дайыны жок, Уулум бар деп ойлонбо,*

Мөмөсү жок дарактай, - деп мүнөздөп келип, ушундай эле мааниде ага- ининин, андан ары жалпы жамааттын жакшы-жаманын ырга салып, акылы тунук, ар ишке жөндөмдүү, жүрүм-туруму тартиптүү, орду менен сүйлөп, ыймандуу өсүп жаткан адамдын карама-каршысы менен салыштырат:

*Үй-бүлөң жаман болгон соң,Он сегиз болсо пайда жок. Чуркураган көп иттей, Жабалактап туш-туштан,Талап кирет кемиктей.*

*Мындайлардын так өзүнДагы айтамын мен өзүм,*
*Жараткан теңир эрикпей, - депчыгармасын жыйынтыктайт.*

Ата-эне:“Балам кайрымдуу чыгып, эс тартканда нуска сөзүбүздү эки дебей түшүнө угуп, тиричилигибизге көмөк көрсөтсө, үй-бүлөсүнө карамдуу болуп, элине ак кызмат өтөсө, жамандыгын түк көрсөтпөсө, тукумубузду улап кетсе” – деп тилек кылышат.Эл ичинде: «ата-эненин кадырын билген уул – эл багар»,«атаң барда жер тааны», «атаны көрүп уул чоңоёт, энени көрүп кыз чоңоёт» деген накыл кептер бекеринен айтылбаса керек. Эси бар уул-кыз оболу эненин сүтүн актаганга дилгирленет. Дүйнөдөгү чоң күнөө – ата-энеге акаарат айтып, көңүлүн калтыруу, ак сүтүн актабоо, акыбетин кайтарбоо, жер каратуу болуп саналат.

Кыргыз эли да өзүнүн көп кылымдык тарыхында тажрыйба гана топтоп чектелбестен, жаш муундардын акыл-эсин, адептик аң-сезимди өнүктүрүүнүн ыкмаларын, жол-жоболорун иштеп чыгышкан жана тарбия, тартип, ыймандык маселелериндеги чоң философияга көңүл бөлүшкөн. Байыртадан эле аталар балдарына таасирдүү таалим-тарбия үлгүлөрүн, нарктуу накыл кептерин, осуят,

аманат, керээз сөздөрүн калтырышкан. Мына ушунун өзү - тарбиянын чоң философиясы.
Чындыгында адамзаттын жамааттык жашоо образынын концепциясын үй-бүлө, уруу, коом, эл түзөт. Ал эми ата-эне, кеп нускалуу карыялар, манасчылар, жомокчулар, акындар, санжырачылар – булар элдик тарбиячылар болуп саналат.Ушундан улам, акындын ар бир айткан кеби – жаштарга берээр насыйкат, үлгүгө тартаар нуска десек болот.
Жарык дүйнөгө көз жарып келген перзенттин эрезеге жетип, мыкты адам болуп калыптанышы – үй-бүлөдөн, чөйрөдөн, түгөйдөн, кесиптен жана ата-тегинен берилген тукум куучулук факторунан көз каранды экендиги талашсыз чындык. Жакшыдан жакшы туулушу үчүн, үй-бүлө курууда генетиканын эреже тартиптери так сакталышы зарыл болгон. Кыргыздар адамдын ата-тегине басым жасоо менен: “адам түбүн тартат”, “жакшыдан жакшы туулат, жамандан жаман туулат”, “балапан уяда эмне көрсө, учканда ошону алат”, “аккан арыктан суу агат”, “алма дарагынан алыс түшпөйт”, “казанда болсо, чөмүчкө чыгат” - деген накыл кептеринде таасын туюнтуп келишкен. “Тектүү жердин уулу, тектүү жердин кызы” дешип, өмүрлүк жар тандап, куда-сөөк күтүүдө санжырага таянып, ата-тегин сүрүштүрүп, акылдашып, анан бир бүтүмгө келишкен.
Акын турмушка, анын оош-кыйышына, жакшы-жаманына болгон түшүнүгүн, көптү көрүп, көптү билгендигин, билгичтик менен ыр саптарына сыйдыра алган.
Анын эстетикалык идеалы - социалдык көйгөйлөр аркылуу абстрактуу түрдө кабылданган индивид эмес, адептүү, гумандуу тазалыктын жандуу, конкреттүү ээси.Ошол адам бийик адептүүлүк талаптарды алып жүргөн, эмгек менен өмүрдү, жакшы менен жаманды, адал менен арамды, ак менен караны ажырата билип, адамдардын сырткы келбетине эмес, руханий жан дүйнөсүнө караган, кедей- кембагалдарга көмөктөшүп, ырайымдуу, кайрымдуу, адилеттүү мамиле кылган, ата- энесин, жубайын, балдарын урматтап-сыйлаган инсан болуусу керек деп эсептейт.[8]Акын пендеге жогоруда аталган бийик талаптарды коюп, аларга жетишүүгө үндөп гана тим болбостон, жеке турмушунда өзү да ошол чен-өлчөмдөрдүнүгүнда жашап өткөндүгү баарыбызга маалым. Анын өмүрлүк жары Көксулуу - атыназаты жарашкан, жанда жок сулуу, ары акылдуу, ары назик, тектүү жердин кызы болгон. Экөө ээрчишип, бактылуу өмүр сүрүшкөнү эл оозунда айтылат, бирок “кем дүнүйө”дегендей, тагдырдын сыноосуна моюн сунуп, баласыз өткөнүнө арман кылган. Сезимтал, ойчул акын бала - үй-бүлөнүн тиреги, туткасы, ата-эненин гана эмес, бүтүндөй журттун кайра жаралуусунун, өлбөстүгүнүн, өсүп-өнүгүшүнүн шарты экенин түшүнүп турса да, бул өмүрдөн баласыз өткөнүнө ичтен сызып:
*Артыңда балаң калбаса,Арман эмей эмине?..*
*Өзүңдөн бала болбосо,*
*Арман эмей эмине?* – деп арман кылганы менен, жары Көксулууга жасаган сый, аяр мамилеси калың элди суктандырган.
“Балалуу үй - базар” – дегендей, кыргыз элинде амандашуу сыпатынын башкы темасы да бала жөнүндө болуп келген. Адатта, адамдар бири-биринин ал жайын, турмушун, балдарынын бакубат өсүп чоңоюп жатканына байланыштуу карашкан. Ушундан улам, учурашуу, саламдашуу учурунда: “Бала-бакыраң жакшыбы, аман-эсен

чоңоюп жатабы?” - деп сурашса, ал эми коштошоордо: “Балдарың аман болсун, жүзүнөн өөп кой”, - деген аруу сезимин, ак тилегин, каалоосун билдиришкен.

Даанышман акын адам баласы канча жашта болбосун, бекем үй-бүлө, перзент адамзаттын тарыхындагы эң маанилүү баалуулук экендигин түшүнүп, өмүрү баласыз өтүп жатканына арман кылып:

*Кудайым менде не жазык?..Беш колумда муунум жок, Бел кыла турган уулум жок.Оң колумда муунум жок,*
*О дүйнө көздөй жол тартсам,Ордумду басар уулум жок!*
*Түндүктүү дүкөн үйүмө,Түркүк болор уулум жок.*
*Карманып оокат кылаарга, Кадырлап баккан уулум жок!.*
*...Эгер уулум болгондо: Каттаганда – кан жолум,Кармаганда – оң колум, Сүйлөгөндө* - *таңдайым, Сүйүнгөндө маңдайым,* - *деп ыргасалат.*

Даанышман акын жашоону -жарык менен караңгынын, бакыт менен кайгынын, күлкү менен ыйдын, бийик менен пастыктын, жаратуу менен кыйроонун, өлүм менен өмүрдүн, адилет менен жалгандын, ак пейил менен наадандыктын элдешпес күрөшү экенин жакшы түшүнүп, өз чыгармаларында карама-каршылыктарды жогорку көркөмдүүлүк менен элестүү бере алган.

Жеңижок - элдик поэзиянын өкүлү, ал адамдардын жүрөгүнүн тереңинде жаткан, көкүрөгүн өйүгөн ойлорду таап, айрыкча жаштарды туура жолго, ынтымак- ырашкердикке тарбиялап, жакшы-жаман, адал менен арам жөнүндөгү түшүнүктү толук ажырата албагандарга насаатын айтып, туура жолго багыттаган.

*Тогузу болгун жылдыздын, Туйгуну болгун кыргыздын!*
*Жетиси болгун жылдыздын,Жетиги болгун кыргыздын. Учу болгун кылычтын,*
*Уулу болгун кыргыздын,* - деп акындын кылым аша жашаганыры накыл кепке айланып, элдик салтты бийик сактоого, бүгүнкү күндүн учур талабынаылайык, эр жигиттин улуттук аң-сезимин ойготууга, ар намысын козгоого өбөлгө түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, Жеңижок акындын чыгармалары - чоң казына, бүтүндөй бир философия экендиги талашсыз.Анын талант табиятына, чыгармачыл ой жүгүртүүсүнө, акындык чеберчилигине, дүйнө таанымына тиешелүү маселелер адабият таануу илими менен гана чектелбестен, философия, этика, этнопедагогика,социология, психология, тарых ж.б. илимдер тарабынан кеңири изилденүүгө тийиш деп эсептейбиз.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Акындар сериясы. Залкар акын – Жеңижок. Бишкек, Шам басмасы, 1999.
2. Айтматов Ч. Ак таңдай акындын мурасы. Жеңижок.Ырлар, Бишкек, 2004.
3. Жаныбеков Ж. Даанышман ойчул. Бишкек, 1991.
4. Жеңижок. Ырлар. Бишкек 1982.
5. Жусупбеков А. Жеңижок. Бишкек, 2006.
6. Жусупов К. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 1-том. Бишкек, 1999.
7. Мурас. Түзгөн Абдылдаев М. / Фрунзе. Кыргызстан. 1990.

8. Субанов К. Жеңижоктун чыгармачылыгындагы эстетикалык ойжүгүртүүлөр.
9. Иптаров С., Н.Кулматов. Адеп билими. Усулдук колдонмо. Бишкек, 2001.
10. Элдик педагогиканын берметтери. Түзгөн: Койчуманов Ж. Бишкек, 1998.

***Рецензент: Шейшенбаева А.М.*** *– философия илимдеринин кандидаты, К.И. Скрябин атындагы КУАУнун доцентинин милдетин аткаруучу.*